# ЧЫЛЫМ ЧЕГҮҮНҮН ЗЫЯНДУУЛУГУ

**(Ислам дининин жана Медицинанын далилдеринин негизинде)**

[ Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزي ]

**Абдула ибн Абдулхамид Аль - Асарий**

**Которгон: Шамсуддин Абдыкалык уулу**

# التدخين بين الطب والدين

[ Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزي ]

عبد الله بن عبد الحميد الأثري

ﮔﮕ

ترجمة: شمس الدين بن عبد الخالق

مراجعة: فريق اللغة القرغيزية بموقع دار الإسلام

## Тамекинин зыяндары

Аллахка чексиз мактоолор, Анын пайгамбарына, пайгамбарынын үй-бүлөсүнө, сахаабаларына жана тээ кыяматка чейин алардын изинен барган мусулмандарга салават-саламдар болсун!

Андан кийин…

Ислам үммөтү, айрыкча үммөттүн жаш мууну мас кылуучу ичимдиктерди ичүү жана наркотик заттарды чегүү сыяктуу жаман адаттарга кабылды.

Эй, тамеки тарткан досум! Сен менин мусулман бир тууганым болгонуң үчүн, сенин жашооңо кайдыгер карай албаганым үчүн, сен менен жакшылык жана такыба негизинде иштешүү үчүн, ошондой эле сенин кабыл алууңду үмүт кылып ушул китепчени жаздым. Бул китепчени сага пайдалуу кылууну Аллах тааладан сурап каламын! Мен бул китепчеде тамеки тартуунун зыяндарын жана ага карата ислам менен медицинанын көз карашын баяндагым келди.

## Тамеки тартуунун тарыхы

1492-миладий жылда Европалык саякатчылар Америка материгин ачышты жана биринчи ирет ал жерден тамеки дарагын көрүштү[1]. Ал эми, ислам ааламына тамекинин кирип келиши онунчу кылымга туура келет. Аны ислам журтуна кресттүү баскынчы христиандар алып киришкен.

## Тамекинин составы

Тамекинин составында химиялык формуласы (PbO3) болгон уулуу коргошун-оксид газы, рак ооруусуна себеп болчу бензобурин элементи, никотин[2], зыянкеч чиркейлерди кыруу үчүн колдонулуучу маргумуш, спирт жана башка уулуу элементтер бар.

## Тамекинин зыяндары

Тамеки тартуунун инсан ден-соолугуна олуттуу зыяндары бар. Атап айтканда ал рак[3], туберкулез[4] сыяктуу илдеттерге, ооз, илеп, тил, кичине тил, аш кылуу жана дем алуу органдарынын, ошондой эле сийдик чыгаруу

---

[1] Тамеки жалбырагын чегүүнү индеецтерден эң биринчи үйрөнгөн матростун аты Табаго болгон. «Табак», «тамеки» сөздөрү ошол матростун атынан алынган. (Сноскалар котормочудан)

[2] Европага биринчи ирет тамеки алып келген Нико деген кишинин атынан алынган. Никотин тамекинин тамыры жана жалбырагынан алынуучу уулуу элемент. Химиялык формуласы (C10H14N2). Адамдын өлүмүнө себеп болуу үчүн тамекинин составындагы 100-200мг. никотин жетиштүү болот.

[3] Рак – кызыл өңгөч, ашказан, тери жана өпкөдө пайда боло турган өсүмтө-жара. Эгер кызыл өңгөчтө рак болсо адам тамак иче албай калат. Эгер рак өпкөдө болсо оорулуу адам кан түкүрүп калат. Экөө тең өлүмгө себеп боло турган оору.

[4] Туберкулез – өпкө жарасы. Бул оору менен ооругандардын аппетити жоголуп, уйкусу качат, тез чарчайт, температурасы көтөрүлөт, эрте менен тердейт, дарманы куруп алсызданат, арыктайт, нерви бузулат. Бул оору өтүшүп кетсе жара ириңдеп, адам кан аралаш ириң кусуп калат жана кээ бир абалда өлүмгө дуушар болот. (Сноскалар котормочудан)

органдарынын ооруугa чалдыгышына себеп болот. Эң коркунучтуусу сүрүп чеккен адамдарда уруксуздук пайда болуп, перзент көрбөй калуулары мүмкүн. Тамеки чегүү коомго, экономикага жана табиятка да жаман таасирлер алып келет. Өрт, жол аракетиндеги кокустуктар, тегеректин булганышы жана б.у.с. нерселерге көбүнчө тамеки жана тамеки чегүүчүлөр себеп болушат. Кыскасы тамеки мусулман үммөт үчүн чоң апаат болгон нерсе. Андан кутулууда Аллах жардамчы болсун!

**Тамеки чегүүнүн арам экенине Кураан жана хадистен далилдер**

Тамеки пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам жашаган мезгилде болгон эмес. Ошентсе да, биздин улук динибиз бир нече жалпы өкүмдөрдү алып келди жана көп майда же кийин жаралаган нерселер ошол жалпы өкүмдөрдүн астына кирип кетет. Ислам уламалары ошол жалпы өкүмдөргө таянып тамеки чегүүнүн арам экенине далил келтиришет.

- Аллах таала айтты:

**(وَيُحِلُّ لَهُمُ الطَّيِّبَاتِ وَيُحَرِّمُ عَلَيْهِمُ الْخَبَائِثَ) (الأعراف: 157)**

**«**(Аллах) **аларга таза-пакиза нерселерди адал кылды жана** (бардык) **ыпылас-жийиркеничтүү нерселерди арам кылды»** (Аьраф:157).

Кыпындай гана акылы бар адам тамекинин ыпылас нерселерден бири экенине шек санабайт[5]. Себеби, «ыпылас» деген сөз даамы жана жыты жагымсыз нерселерге иштетилет. Бул сөз тамекиге аябай дал келет. Ошондуктан, дин жана медицина аалымдары анын ыпылас нерсе экенин бир добуштан тастыкташкан.

- Аллах таала айтты:

**(لَا تُبَذِّرْ تَبْذِيرًا * إِنَّ الْمُبَذِّرِينَ كَانُوا إِخْوَانَ الشَّيَاطِينِ) (الإسراء: 26-27)**

**«Эч ысырап кылбагын! Чынында, ысырапчылар шайтандын достору болушат!»** (Исраа: 26,27)

**(وَلَا تُسْرِفُوا ۚ إِنَّهُ لَا يُحِبُّ الْمُسْرِفِينَ) (الأنعام: 141)**

---

[5] Чылага чыланып жаткан доңузга чыланын жыты билинбегендей, каны, жаны жана денесине никотин сиңип кеткен адамдар деле тамекинин ыпыластыгын тан алышпайт. Эгер алар тамекини таштаса, бир же эки жыл өтүп, организми тазаргандан кийин анын ыпыластыгын түшүнүшөт

**«Ысырап[6] кылбагыла! Ал** (Аллах) **ысырап кылгандарды жакшы көрбөйт»**
(Аньам:141)

**(وَلَا تُؤْتُوا السُّفَهَاءَ أَمْوَالَكُمُ الَّتِي جَعَلَ اللَّهُ لَكُمْ قِيَامًا) (النساء: 5)**

**«Аллах силерге каржылоо укугун берген мал-пулуңарды төмөн адамдарга бербегиле!»** (Ниса-5).

Бул аяттагы «төмөн адам» тапканын өз ордуна иштете албаган адамдар.

Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам айтты: «(Аллах) силер үчүн ушак сөздү (айтууну жана угууну), көп суроо берүүнү жана мал ысырап кылууну жаман көрөт».
(Бухарий, Муслим риваяты)

Тамеки тартуу мал-пулду ысырап кылуудан башка эмес. Аллах таала (тамеки сыяктуу) пайдасыз нерселер жөнүндө:

**(لَّا يُسْمِنُ وَلَا يُغْنِي مِن جُوعٍ) (الغاشية: 7)**

**«Семиртирбейт жана курсакты да тойдурбайт»** (Гаашия-7) деген.

Аллах таала дагы мындай деген:

**(لَا تَقْتُلُوا أَنفُسَكُمْ ۚ إِنَّ اللَّهَ كَانَ بِكُمْ رَحِيمًا) (النساء: 29)**

**«Өз жаныңарды өзүңөр кыйбагыла! Аллах силерге ырайымдуу»**

(Ниса-29)

Чегүүчү адам өз жанын ар түркүн ооруларга дуушар кылат жана ал оорулар кээ бир учурларда анын өлүмүнө себеп болот. Бул болсо, **«өз жаныңарды өзүңөр кыйбагыла!»** деген илахий эскертүүгө тоңмоюндук болуп саналат. Ошондуктан, уламалар уу, топурак, шише, таш ж.б.у.с. зыяндуу нерселерди азык катары кабыл алууну, ден-соолукту коргоо үчүн арам деп эсептешкен.

Расулуллах саллаллоху алайхи ва салам айткан: ***«…уу ичип өз жанын кыйган адамга тозокто түбөлүк уу ичирилет»*** (Бухарий, Муслим риваяты)

[6] «Ысырап» деп негизинен пайдасыз нерселерге акча, мал-дүйнөнү коротууга айтылат

Тамеки тартуу акырындык менен өз жанын кыюу менен барабар. Дарыгерлер эгер бир адамдын өлүмүн тамекиге байланыштырса, демек ал өз жанын өзү кыйган болот. Аллах сактасын! Адамдык жанды өлтүрүү, ал өзүнүн жаны болобу, башканын жаны болобу, түздөн-түз бычак сайып, тез өлтүрөбү же уулуу түтүндү тартып акырындык менен өлтүрөбү, натыйжа бир болгондуктан арам болот.

Чегүү адамдын жашоо негизи болгон күч-кубатын жоготот, канын, жанын уулайт жана акырындык менен өлүмгө алып барат.

Расулуллах саллаллоху алайхи ва саллам мас кылуучу жана алдан тайдыруучу нерселерге тыюу салган. *(Хасан хадис. Абу Дауд жана Ахмад риваяты)*

Тамеки дал ушул **алдан тайдыруучу** нерселердин катарына кирет. Анткени, ал адамдын организминде алсыздыкты жана адаттанууну жаратат. Тамеки тарткан адам адаттанып калганы себептүү тамеки тартканда алдан тайганын сезбегени менен, анын арамдыгы өз күчүндө кала берет. Бул жерде тамекинин арамдыгы мас кылуучу ичимдиктерге салыштырылат. Белгилүү болгондой, көбү мас кылган алкоголдуу ичимдиктердин тамчысы дагы арам.

Расулуллах саллаллоху алайхи ва саллам дагы бир хадисинде **«***(Исламда)* ***зыян тартуу дагы, зыян берүү дагы жок»*** деген. («Жаамиус-Сахих»: 17393)

**Тамеки тартуу зыян жана зыян берүү**

Расулуллах саллаллоху алайхи ва салам айтты:

***«Аллахка жана акыретке ыйман келтирген адам кошунасына зыян жеткирбесин»*** (Имам Бухарий)

Чегүүчү адам түтүндүн сасык жыты менен аялына, балдарына, бирге жүргөн, бирге отурган жолдошторуна жадагалса, периштелерге жана мечиттеги намаз окугандарга зыян жеткирет.

Имам Муслимден риваят кылынган бир хадисте расулуллах саллаллоху алайхи ва саллам: ***«Сарымсак менен пияз****(ды чийки абалында)* ***жеген адам бизден жана биздин мечитибизден ыраак болсун жана үйүндө олтурсун!»*** деген. Ал эми, тамеки түтүнүнүн жыты сарымсак менен пияздын жытынан сасыгыраак экени маалым. Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам Жума күнү Жума намазы үчүн жыпар-жыттуу атырларды себинүүнү сүннөт кылган. Тамеки чегүүчү атыр жыттануунун ордуна түтүн жыттанганы сүннөттү тоготпогондук болуп саналат.

Расулуллах саллаллоху алайхи ва саллам дагы төмөндөгүчө хадистерди айткан:

***«Жакшы шерик же жаман шерик менен отуруунун мисалы миск алып жүргөн же баскан[7] менен иштеген адамдын мисалына окшойт».*** (Бухарий, Муслим риваяты)

Тамеки тартып, анын түтүнүн үйлөгөн адамдын басканда иштеп түтүн үйлөгөн жаман шериктен эмне айырмасы бар?

«Мусулман ким?» деген суроого пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам:

***«Мусулмандар анын тили жана колунан зыян тартпаган киши»*** деп жооп берген эле. (Имам Бухарий риваяты)

Эй, тамеки тартуучу! Сенин зыяндуу түтүнүң жана сасык жытыңдан мусулмандар качан кутулушат?!

***«Күнөөлөрдү ашкере жасабаган бардык үммөтүмдүн күнөөсү кечирилет»***

(Бухарий, Муслим риваяты)

Ал эми, тамеки тарткан адам анысын жашырмак тургай, тескерисинче ашкерелеп, керек болсо эл көрүп турганына кыйынсынып тартат. Муну менен анын күнөөсү кечирилбейт.

***«Ким бир коомго окшосо – ал ошолордон»*** (Сахих хадис. Абу Дауд риваяты)

Тамеки тартууну ислам өлкөлөрүнө баскынчы христиандар алып келгенин айткан элек. Тамеки тартуу дал ошол баскынчылардын калдыгы жана жеңилүүнүнүн, багынуунун белгиси. Чегүү – ошол каапырларга окшошуу. Каапыр миссионерлер тамекини мусулман өлкөлөрүнө атайын каразгөй максат менен алып келип, жаштарды ага үйрөтүштү.

Дагы бир коркунучтуу окшоштук: пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва салам бир хадисинде тозоктун ичинде **оозунан жана мурдунан түтүн буруксуп** турган каапырлар жөнүндө айткан эле. Тамеки тарткан адам ушул каапырларга да окшошуп турат. Аллах сактасын!

Имам Термизий «Сахих» китебинде пайгамбарыбыздын мындай дегенин риваят кылат: **«***(Кыяматта)* ***пенде төрт нерсе жөнүндө суралбай туруп***

[7] Баскан – темирчиликте отун тутантуу үчүн дем берген аспап. Аны иштеткенде аябай көп түтүн айдайт.

***буту ордунан козголбойт:** (1-) **Өмүрүн эмне менен өткөргөнү,** (2-) **денесин эмнеге дуушар кылганы,** (3-) **байлыгын кайдан таап, эмнеге жумшаганы,** (4-) **илимине кандай амал кылганы»***

Эй, тамеки тарткан пенде! Сен кыяматтагы суракта кантээр экенсиң? Анткени, сенин:

— өмүрүң тамеки тартуу менен өттү,

— денеңди шайтандар үчүн ачып бердиң. Шайтандар сенин денеңде каалаган иштерин жасашты. Билип ал: тамеки тартуу шайтандын адамга кире турган эшиктеринен бири.

— байлыгыңды пайдасыз.., пайдасыз гана эмес, зыяндуу түтүн сатып алууга ысырап кылып, аны менен өз денеңди өрттөдүң!

— илимиң: сен тамекинин зыяндуулугун, арамдыгын билдиң, бирок бул илимиңе амал кылбай тамекини таштабай, өзүңдүн зыяныңа далил көбөйттүң.

Тамеки тартуу Аллахтын зикири жана ибадатынан тосо турган нерсе. Айрыкча орозо ибадатынан тосот[8]. Тамеки тарткан адам үчүн орозо кармоо өтө оор. Ошондуктан тамекиге үйрөнгөн адам мечиттерде ээтикаф отурууну, мечиттерде Кураан окууну, зикир, илим чогулуштарында бир нече саат отурууну каалабайт[9]. Тамеки тарткандардын көпчүлүгү жамаат намаздарына келбейт. Келсе да, мечитке кирээр алдынан тамекини соруп-соруп алып, анысын мечит астанасына таштап, андан кийин сасык ооздору менен астана атташат. Ал эми, мунун тескерисинче мечиттерге жыпар-жыттуу атырлардан себинип кирүү сүннөт болчу.

Ислам шариятында «шарият эрежелери» деп аталган негизги принциптер бар. Алар жалпы эрежелер болуп, курамына миңдеген өкүмдөрдү камтыйт. Тамеки тартуу ошол жалпы эрежелер боюнча дагы арам болуп саналат. Төмөндө ошол жалпы эрежелерден кээ бирин сунуш кылабыз:

---

[8] Тааныштарымдан бири айтат: «мен орозодо ичпей-жебей жүрүүгө чыдадым. Бирок, тамеки тартпай жүрүүгө чыдабай, оозумду ачып жибердим»

[9] Илим чогулуштарында тамеки менен өтө калың «дос» болгондор көп отурууга сабырлары жетпей, арада бир аз «перекур» кылуу менен «өздөрүнө келип» алышат. (Сноскалар котормочудан)

- Исламда зыян тартуу жана зыян берүү жок.
- Пайдалуу нерселердеги негиз – уруксат, зыяндуу нерселердеги негиз – тыюу.
- Бузукулукту жоюу пайда келтирүүдөн алдын турат[10].
- Адал менен арам бир жерге чогулса, арам үстөмдүк кылат.
- Шектенген нерселерден сактануу менен күнөөлөрдөн аман болунат.

Пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам шектүү нерселерден сактануу жөнүндө мындай деген: ***«Адал менен арам анык белгилүү. Ал экөөнүн аралыгында көп адамдар билбеген шектүү нерселер бар. Шектүү нерселерден сак болгон адам өзүнүн динин жана намысын сактаган болот. Ал эми, ким шектүү нерсени жасаса, арамга түшкөнү – ошол»*** (Бухарий, Муслим риваяты)

Эй, менин мусулман ага-иним! Билип ал: адал деген бул бардык таза жана пайдалуу нерселер. Арам – бул бардык ыпылас жана зыяндуу нерселер.

Мына ушул кабарлардан кийин ким текеберчилик менен биз келтирген далилдерди албаса, өз жаны үчүн Аллахтан корксун! Аллах таалага тооба кылууга шашылсын! Аллах тообаларды кабыл алуучу, Ырайымдуу!

Аллах сени туура жолго баштасын! Дагы ушуну билгин, тамеки пайда болгон абалкы мезгилдерде «тамеки баш айлантабы, алсыздандырабы, ден-соолукка зыянбы?» деген суроого жооп жок болгону себептүү адамдар анын чыныгы «жүзүн» билбейт болчу. Ошондуктан, уламалар аны арам же макүрөө, же зыян берген адам үчүн – арам, зыян бербеген адам үчүн – арам эмес деген сыяктуу талаш-тартыштарга барышкан. Эгер ошол талашкан аалымдар тамекинин бүгүнкү күндө үйрөнүлгөн, ачылган зыяндарын билишсе талашып олтурбастан бир добуштан арам деп өкүм чыгарышмак.

Ал эми, кайсы бир адам тамекинин арам экенине ынанбаса, биз андан сурайт элек: «эгер тамеки тартуу арам болбосо, эмнеге аны мечитте же башка диний жерлерде тартпайсың? Эмне себептен аны көбүнчө мончодо, туалетте жана башка шайтан мекендеген ойун-зоок орундарында тартасың? Мусулмандар

[10] Кээ бир адамдар тамеки тартуусун «нервиме тынчтык берет» деген сөз менен актамыш болот. Бирок, тамеки коомдук илдет-бузукулук болгону себептүү акылдуу, патриот адамдар өзүнүн нервинен коомдук пайданы биринчи планга коюшат. (Сноска котормочудан)

Аллахтын таза-пакиза ырыскысын жеп-ичүүнүн алдынан *«Бисмиллахир-Рахмаанир-Рахийм»,* ал эми, жеп-ичип бүткөндө *«алхамду лиллах»* дешет.

Эмнеге сен тамеки тартуудан мурун *«бисмиллах»,* тартып бүткөндө *«Ал-хамду лиллах»* дебейсиң? Мусулман адамдар, эгер аларга бирөө адал нерсе берсе *«Аллахка шүгүр»* же *«Аллах ыраазы болсун»* дешет. Эмнеге сен, сага бирөө тамеки берсе, ушул сөздөрдү айтпайсың?

Эй, тамеки тартуучу! Аллахтан корк! Сен, маселен, кээ бир адамдардан уялып, тамеки тартканыңды алардан жашырасың. Бирок, Аллах сени ар дайым көрүп турса да уялбайсың! Ким сенин назарыңда улугураак? Сен уялган адамдарбы же Аллахбы?! Аллахтан көбүрөөк коркуп, көбүрөөк уялбайсыңбы?! Аллах таала айткан:

**(أَتَخْشَوْنَهُمْ ۚ فَاللَّهُ أَحَقُّ أَن تَخْشَوْهُ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ) (التوبة: 13)**

**«Алардан корктуңарбы? Эгер ыймандуу болсоңор, Аллах коркушуңар үчүн эң ылайыктуу»** (Тавба-13)

Эй, тамеки тарткан инсан! Кыяматта Аллахка эсеп берүүдөн мурда өзүңө-өзүң эсеп бер! Жаман адатыңды таштоо үчүн Аллахтан жардам сура! Ким Аллахтын ыразычылыгы үчүн бир ишти таштаса, ага Аллах жардам берет жана таштаганынан жакшыраак нерсени буйруйт. Ар нерсенин чегарасы бар. Сен дагы чегиңди бил жана сабырдуулук, эрктүүлүк менен тамекини таштап сал. Аллах сабыр кылгандар менен бирге болоорун түшүн. Эгер сен сабырга кадам таштасаң, Аллах сени кошумча сабыр менен кубаттайт. Чегүү балээсинен кутулуу үчүн төмөндөгү дуба менен Аллах таалага кайрыл:

*«Эй, Аллахым! Бизди чегүү балээсинен, тозок азабынан, зыяндардан жана бирөөгө зыян берүүдөн алыс кыл! Денебизди жана ден-соолугубузду сактай көр! Оозубузду жана жүрөгүбүздү тазарт, пикир-түшүнүктөрүбүздү туура багытка сал! Бизди сонун кулк-мүнөзгө башта! Бизге ыйманды, жыпар-жыттарды, таттуу сөз жана жакшы иштерди сүйүктүү кыл! Сен дубаларды Угуучусуң!*

**Соңку сөз:**

Аллах таала пайгамбарыбыз, анын үй-бүлөсү жана сахаабаларына салават-саламдар жолдосун!